**Б. Б.БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИ**

# ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫ

**29-ноябрь 2024-жылы**
**жума күнү саат 14:00дө** **Бишкек шаары**

## КҮН ТАРТИБИ:

1. Искусство факультетинин окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалы тууралуу.

   **Жооптуулар**: *комиссия, факультеттин деканы*.

2. Искусство факультетинин курамындагы кафедралардын 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштердин жүрүшү тууралуу (музыкалык билим берүү, жалпы фортепиано, хор дирижёрлугу, салттык музыка жана фольклор музыкалык-теориялык дисциплиналар, оркестр дирижёрлугу, эстрада кафедралары).

   **Жооптуулар**: *комиссия, факультеттин деканы*.

3. Ар түрдүү маселелер.

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН №3 ЖЫЙЫНЫНЫН ПРОТОКОЛУ***

***29-ноябрь 2024-жыл*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрү - **33**
Катышкандар - **29**

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф.м.а. Маражапова Н.К.

**Угулду**: **Колдошов Т.Р**. Арыбаңыздар урматтуу кесиптештер. Окумуштуулар Кеңешине 33 курамдын 29у катышып отурат. Жыйынды баштоого кворум бар. Сунуш жок болсо университеттин 2024-2025-окуу жылындагы №3 Окумуштуулар Кеңешин баштоого уруксат этиңиздер (гимн ойнолот).

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Искусство факультетинин окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалы тууралуу.

**Жооптуулар**: *комиссия, факультеттин деканы*.

2. Искусство факультетинин курамындагы кафедралардын 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштердин жүрүшү тууралуу (музыкалык билим берүү, жалпы фортепиано, хор дирижёрлугу, салттык музыка жана фольклор музыкалык-теориялык дисциплиналар, оркестр дирижёрлугу, эстрада кафедралары).

**Жооптуулар**: *комиссия, факультеттин деканы*.

3. Ар түрдүү маселелер.

Урматтуу кесиптештер, алгач баяндамачылардын регламентин бекитип алсак. Кубатбек Куланчиевич, комиссиянын төрагасы катары эки маселеге канча минута жетет?

**Джакыпов К.К.** Саламатсызбы урматтуу төрага, уруксат берсеңиз биринчи жана экинчи маселелер боюнча жазылган маалыматты бир карасак. Баяндоого 15 минут, талкууга 10 минут, суроо-жоопторго 5 минутага чейин, жарыш сөздөргө 3 минутага чейин убакыт жетет деп ойлойм.

**Колдошов Т.Р.** Жакшы болот. Регламент тууралуу Кубатбек Куланчиевичтин сунушун колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс –жок.**

**Биринчи жана экинчи маселелер** боюнча сөз Кубатбек Куланчиевичке берилет.

**Джакыпов К.К.** Урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү, искусство факультетинин окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалын жана театр факультетинин курамындагы кафедралардын 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштеринин жүрүшүн (музыкалык билим берүү, жалпы фортепиано, хор дирижёрлугу, салттык музыка жана фольклор музыкалык-теориялык дисциплиналар, оркестр дирижёрлугу, эстрада кафедралары) текшерүү үчүн ректордун 22.10.2024-жылда №103-ө буйругу менен атайын комиссия түзүлдү:

**Комиссиянын төрагасы:**

1. Джакыпов К.К. – окуу иштери боюнча проректор, п.и.к.,доцент;

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

2. Турумбаева Ч.М. – илимий иштер жана эл аралык байланыштар боюнча проректор, и.т.к., доцент;
3. Омокеев У.А. – тарбия иштери боюнча проректор;
4. Алманбет к. Жаныл. – окуу бөлүмүнүн башчысы;
5. Маражапова Н.К. – аспирантура ж-а магистратура бөлүмүнүн башчысы, ф.и.к., доцент;
6. Эсенбаева С.О. – театр факультетинин деканы;
7. Жумалиева Ч.К. – ХМИ факультетинин деканы;
8. Казиева С.М. – искусство факультетинин деканы;
9. Молдобеков А.К. – КжТ факультетинин деканы;
10. Келдибекова Н.К. – практика жана карьера бөлүмүнүн башчысы;
11. Темирканова Ж.Ш. – студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы;
12. Талантбеков Ш.Т. – программист;
13. Дамир к. Гүлнара. – телекөрсөтүү жана радиоуктуруу каф. башчысы;
14. Замирбек у.Чыңгыз. – сахна кеби кафедрасынын башчысы;
15. Кадыркулова П.Ө. – оркестр дирижерлугу кафедрасынын башчысы;
16. Бейшеналиева М.И. – СМИ кафедрасынын улук окутуучусу;
17. Маженова З.Т. – хореография кафедрасынын башчысынын м.а;
18. Сейталиева Н.Т. – социалдык-гуманитардык кафедрасынын башчысы;
19. Арстанбек у. Асылбек – музыкалык билим берүү кафедрасынын башчысы;
20. Таалайбек к. Айгүл. – архивариус.

**Искусство факультетинде жалпы 7 кафедра бар, алар:**

1. Хор дирижерлугу;
2. Оркестр дирижерлугу;
3. Салттык музыка жана фольклор;

4. Эстрада;
5. Музыкалык билим берүү;
6. Музыкалык-теориялык дисциплиналар;
7. Жалпы фортепиано.

(**Жалпы маалымат-справка тиркелет**).

**Колдошов Т.Р.** Чоң ырахмат Кубатбек Куланчиевич. Кимде кандай суроо бар? Эч кимде жок болсо, менде бир канча суроолор бар. Искусство факультетинде канча студент бар дедиңиз?

**Джакыпов К.К.** Факультетте 546 студент бар. Алардын ичинен 245и сырттан, 301 студент күндүзгү бөлүмдө.

**Колдошов Т.Р.** Штатта канча, айкалышта канча окутуучу иштейт? Жалпы ПОКтун сапаттык көрсөткүчү кандай?

**Джакыпов К.К.** Жалпы 110 профессордук-окутуучулук курам бар. Штатта-41, айкалышта - 69.

**Колдошов Т.Р.** Кандай деп ойлойсуз айкалышта иштегендердин саны толук штатта отургандардын санынан көп.

**Джакыпов К.К.** Толук штатка кабыл алууга аракет кылуудабыз. Бирок айлык маянанын аздыгы бул маселени чечүүгө кедергисин тийгизип жатат. Аракетибиз бар.

**Колдошов Т.Р.** Кафедраларда студенттерге жеңилдиктерди кароо иштери каралыптырбы? Тоголок жетим, мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер, турмуш шарты оор студенттер бар да.

**Джакыпов К.К.** Ооба, окуу жайыбыздын атайын жобосунун негизинде кафедраларда каралып, протоколдоштурулган жагдайлар бар экен. Бул маселени профсоюз, тарбиялык иштер боюнча проректор тыгыз иш алып барышат.

**Маражапова Н.К.** Менде сунуш бар. Комиссия текшерүүдө баамдадыңыздар, иш кагаздарын жазууда бир топ мүчүлүштүктөр кездешти. Кийинки факультеттерди текшерүүдө иш кагаздарын жазуунун тартибине көрсөтмө берүү максатта мамлекеттик тил боюнча проректор У.А. Омокеевди кошсоңуз жакшы болмок.

**Чечим кылат**:

1. Искусство факультетинде иш кагаздарынын абалы "канааттандырарлык" деп эсептелсин;
2. Факультетте тажрыйбалуу кафедра башчылары менен жаш кафедра башчылары арасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча нускама берүү иштери жүргүзүлсүн;
3. Фольклор жана салттуу музыка кафедрасында жана жалпы фортепиано бөлүмүнүн иш кагаздарын даярдоо жолго коюлсун;

4. Биринчи жарым жылдыктын аягына чейин Мамлекеттик билим берүү стандарты, НББП, ОУКтар талапка ылайык ирээтке келтирилсин;
5. Ар бир кафедрада конок лекциялары уюштурулуп, планга киргизилсин.
6. Бул талаптарды көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор К.Джакыповго жүктөлсүн.

**Ар түрдүү маселелер.**

1. Контраттык окуу төлөмдөрүн төлөтүүнү колго алыңыздар. Окуу төлөмдөрү абдан аз түшүп жатат (факультеттер боюнча контракттык төлөмдөрдүн маалыматы угулду).

2. Бизге мамлекет 123 студенттик орун берет. Эски жылдарды анализ кылсак ар бир окуу жылда 64, 65, 37ден студентти окуудан четтетип жатабыз. 1-2-3-курстарда студент бюджет группада окуп, 4-курстан сырттан окуу бөлүмүнө которулуп кетип жатат. Бизге мамлекет студенттин санына карап бюджет бөлөт эмеспи. Бюджетте окуган курстардын акчасын толук төлөтүп, андан соң сырткы бөлүмгө которуу практикасы башка окуу жайларда бар. Андыктан бюджетте окуган студенттерге түшүндүрүү иштерин жакшы жасасак. Мен ушул сунушту колго салам.

**Макул – баары, каршы, калыс – жок.** Чоң ырахмат.

3. Ч.Т.Уметалиеванын “Кыргыздардын этногенезиси: музыка таануу аспекти”, “Традиционная музыкальная культура” аттуу тарыхый культурологиялык аспектидеги эмгектери жазылган, ОУБдан сунуштоо келген. Баарыңыздардын тааныштыгыңыздар бар. Ички жана сырттан пикирлер алынган. Басууга сунуш кылам.

**Макул – баары, каршы, калыс – жок.** Чоң ырахмат.

**Чечим кылат:**

1. Окуу төлөмдөрүн төлөтүү иши колго алынсын.
2. Студент 1-2-3-курстарда бюджетте окуп, контракка же сырттан окуу бөлүмүнө которулса, бюджетте окуган курсунун акчасы толук төгүлсүн.
3. Ч.Т. Уметалиеванын “Кыргыздардын этногенезиси: музыка таануу аспекти”, “Традиционная музыкальная культура”, аттуу тарыхый культурологиялык аспектидеги эмгектери басууга сунушталсын.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң ырахмат. Саламатта барыңыздар.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**
***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №3 ПРОТОКОЛУНАН***
***№1 көчүрмө***

***29-ноябрь 2024-жыл*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** -проф.м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:
1. Искусство факультетинин окуу, окуу-усулдук, илимий, тарбиялык-уюштуруу иштеринин абалы тууралуу. **Жооптуулар**: *комиссия, факультеттин деканы*.
2. Искусство факультетинин курамындагы кафедралардын 2024-2025-окуу жылына карата пландаштырылган окуу, окуу-усулдук, тарбиялык-уюштуруу иштердин жүрүшү тууралуу (музыкалык билим берүү, жалпы фортепиано, хор дирижёрлугу, салттык музыка жана фольклор музыкалык-теориялык дисциплиналар, оркестр дирижёрлугу, эстрада кафедралары).

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Искусство факультетинде иш кагаздарынын абалы “канааттандырарлык” деп эсептелсин;
2. Факультетте тажрыйбалуу кафедра башчылары менен жаш кафедра башчылары арасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча нускама берүү иштери жүргүзүлсүн;
3. Фольклор жана салттуу музыка кафедрасында жана жалпы фортепиано бөлүмүнүн иш кагаздарын даярдоо жолго коюлсун;
4. Биринчи жарым жылдыктын аягына чейин Мамлекеттик билим берүү стандарты, НББП, ОУКтар талапка ылайык ирээтке келтирилсин;
5. Ар бир кафедрада конок лекциялары уюштурулуп, планга киргизилсин.
6. Бул талаптарды көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор К.Джакыповго жүктөлсүн

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**

***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №3 ПРОТОКОЛУНАН №2 көчүрмө***

***29-ноябрь 2024-жыл*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф.м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Контракттык окуу төлөмдөрүнүн абалы жана аны төлөөнүн тартиби..

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Окуу төлөмдөрүн төлөтүү иши жандандырылсын.
2. Студент 1-2-3-курстарда бюджетте окуп, контракка же сырттан окуу бөлүмүнө которулса, бюджетте окуган курсунун акчасы толук төгүлсүн.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**

**Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН**
***ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №3 ПРОТОКОЛУНАН***
***№3 көчүрмө***

***29-ноябрь 2024-жыл*** ***Бишкек шаары***

ОКнын мүчөлөрүнүн саны - 33
Катышкандардын саны - 29

**Төрага** - ректор, проф.м.а. Колдошов Т.Р.
**Катчы** – проф. м.а. Маражапова Н.К.

**КҮН ТАРТИБИ**:

1. Ч.Т. Уметалиеванын “Кыргыздардын этногенезиси: музыка таануу аспекти”, “Традиционная музыкальная культура”, аттуу тарыхый культурологиялык аспектидеги эмгектерин басууга сунуштоо.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**:

1. Ч.Т. Уметалиеванын “Кыргыздардын этногенезиси: музыка таануу аспекти”, “Традиционная музыкальная культура”, аттуу тарыхый культурологиялык аспектидеги эмгектери басууга сунушталсын.

**Төрага** **Колдошов Т.Р.**

**Катчы** **Маражапова Н.К.**